DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Нуркулова Н.М., Ибраимова Г.З.*

# УКУКТУК МАДАНИЯТТЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨР

*Нуркулова Н.М., Ибраимова Г.З.*

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ В РАЗВИТИИ ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ

*N.M. Nurkulova, G.Z. Ibraimova*

# ACTUAL PROBLEMS IN THE DEVELOPMENT OF LEGAL CULTURE

*УДК: 34.342*

*Бул макалада укуктук маданиятка, мыйзам чыгаруу тармагындагы аракеттер, социалдык факторлордун таасири жөнүндө жазылган. Акыл-эс, билим, абийир жана уят сыяктуу эле – маданият адамды адам кылып турган негизги категориялардын катарына кирет жана алар менен өз ара тыгыз байланышта. Маданият деп адам баласы өзү чыгарган, бирок негизги максат катары экономикалык пайда көздөбөгөн нерселердин баарын, анын ичинде көркөм өнөрүн, сөз байлыгын, кийген кийиминен тартып жүрүш-туруш эрежелерине чейин баардыгын чогуу түшүнөбүз. Материалдык маданият тикеден-тике жана түздөн түз адам жашоосу үчүн материалдык каражаттарды, материалдык продуктуларды, материалдык предметтерди ойлоп табуу маалында баштапкы материал же сырьё катары пайдаланган энергия менен маалыматтардын, ошол ар түрдүү формадагы нерселердин, жаратылыш объектилеринин сапаты жана касиети менен коштолот. Материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөр менен адамдын кайра өзгөртүп түзүүчү ойлоп табууларынын ортосунда дайыма эле гармониялуу мамиле болбой турганы тарыхтан белгилүү десек болот, бирок ошого объективдүү мүмкүнчүлүк түзүлсө, анда маданият оптималдуу жана ар тараптан топ келген формада өнүгөт. Эгерде гармония жок болсо – маданият туруктуу болбошу толук ыктымал, ар тарабы төп келишпей же интеракциялуулуктун жана консервативдүүлүктүн, же куру кыялдуулуктун жана революциячылдыктын азабын тартат.*

***Негизги сөздөр:** маданият, укук, фактор, коом, улут, интеллект, искусство, объект, артефакт, гармония.*

*В данной статье речь идет о влиянии социальных факторов на правовую культуру, действия в сфере законодательства. Как и разум, знание, совесть и стыд, культура является одной из основных категорий, которые делают человека человеком и тесно связаны с ними. Под культурой мы понимаем все, что создано человеком, но не имеет экономической выгоды в качестве основной цели, включая его искусство, его словарный запас, все, от одежды, которую он носит, до правил поведения. Материальная культура непосредственно и непосредственно сопровождается качеством и свойствами материальных средств, материальных продуктов, материальных предметов, энергии и информации, используемых человеком в качестве исходного материала или сырья при изобретении материальных средств, материальных предметов, вещей в различных формах, объектов природы. Из истории известно, что не всегда существует гармоничная взаимосвязь между материально-техническими возможностями и преобразовательными изобретениями человека, но если к этому объективно есть возможность, то культура развивается в оптимальной и гармоничной форме. Если нет гармонии - вполне вероятно, что культура не будет устойчивой, каждая сторона будет либо несогласованной, либо страдать от интеракционизма и консерватизма, либо от тщеславия и революционности.*

***Ключевые слова:** культура, права, фактор, общество, национальность, интеллект, искусство, объект, артефакт, гармония.*

*In this article we are talking about the influence of social factors on legal culture, actions in the field of legislation. Like reason, knowledge, conscience and shame, culture is one of the main categories that make a person human and are closely related to them. By culture we mean everything that is created by man, but has no economic benefit as the main goal, including his art, his vocabulary, everything from the clothes he wears to the rules of behavior. Material culture is directly and directly accompanied by the quality and properties of material means, material products, material objects, energy and information used by man as a source material or raw material for the invention of material means, material objects, things in various forms, objects of nature. It is known from history that there is not always a harmonious relationship between material and technical capabilities and transformative inventions of man, but if there is an objective opportunity for this, then culture develops in an optimal and harmonious form. If there is no harmony, it is likely that the culture will not be stable, each side will either be inconsistent, or suffer from interactionism and conservatism, or from vanity and revolutionism.*

***Key words:** culture, rights, factor, society, nationality, intelligence, art, object, artifact, harmony.*

Маданияттуу жүрүм-турумда, өнүккөн маданияттуу коом жана маданий өнөр-чыгармачылык деген түшүнүктөр калыптанган. Ошондуктан улуттун улут катары сакталып калышы – улуттун маданиятынын өнүгүшүнөн көз каранды. Өнүккөн маданият – руханий өнүккөн коомду; коом – бир улутту түзөт. Тилекке каршы, бүгүнкү ааламдашуу доорунда коомчулук маданиятты цивилизация жана дин түшүнүктөрү менен чаташтырып, чоң жаңылыштык кетирип жатат. Өзүбүздүн маданиятыбызды өзүбүзгө жат көрүнүш катары баалагандар четтен чыгууда. Кийинки учурларда маданиятты шоу-бизнес менен алмаштырып да калышты.

Адамдын маданиятына токтоло кетсек, биринчи кезекте, анын интеллегенттик жана таалим тарбиясынын денгээли боюнча сөзсүз түрдө айтышыбыз керек. Ушул маселенин алкагында интеллект жана таалим-тарбия түшүнүгүнө эмнелерди байланыштырып кароого боло тургандына токтолгонубуз максатка ылайыктуу [1, 58-б.]. Анткени, интеллект боюнча ой

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жүгүртө турган болсок, бул түшүнүктүн кучагында адам кандай өзгөчөлүктөргө ээ боло тургандыгын ачып көрсөтүшүбүз зарыл. «Интеллект» ээ болгон билим деңгээлине, шык-жөндөмүнө, адамдын башка нерселерге болгон түшүнүгүнүн кеңдигине жараша аныкталат. Бул жерден маданияттуулук билим деңгээлине байланыштуу болот деген пикирлер бар экендигин айта кеткенибиз ашыктык кылбайт. Анткени, адамдын алган билиминен коз каранды болот.

Маданияттуулук – бул кандайдыр бир түшүнүк, маданият түшүнүгү адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси, ал аркылуу адам дүйнөнү жана өзүн жаратат жана таанытат.

Маданият – бул адамдын дүйнөгө жана өзүнө болгон мамиледен жаралган кайталангыс дүйнөдесек болот. Башкача айтканда бир түрдүү маданияттарды изилдөөдө биз жөн гана китептерди, соборлорду же археологиялык табылгаларды изилдебестен биз бизге караганда башкача дүйнөдө, башкача сезим, туюм менен жашаган адамдардын дүйнөсүн ачсак болот [1, 60-б.].

Ар бир маданият бул адамдын чыгармачылык жактан калыптануусу. Ошондуктан башка маданияттарды таанып билүү бизди жаңы билимдерге жана жаңы чыгармачылык тажрыйбаларга байытат жана дүйнөгө таанымал кылууга салым кошот. Мүмкүн бул маданиятты туура түшүнүүгө болгон биринчи гана кадамдыр. Адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси кантип ишке ашат? Ал адамдын тажрыйбасына кантип бекемделип, жана муундан муунга өтүп турат? Бул суроолорго жооп берүүнүн өзү маданиятты, маданият таануунун предмети катары мүнөздөө болуп эсептелет. Адамдын дүйнөгө болгон мамилеси маани маңыз менен такталат. Эгер кандайдыр бир нерсе, зат, маани маңызынан айрылган болсо, ал адам үчүн мааниси кетип жашабай калат.

Биз дүйнөдө эмнелерди ачып, жана эмнени издеп жүргөнүбүздү дал ушул маани маңыз аныктайт. Эгерде бул маани, маңыз болбосо адам түнкү асманды карамак эмес, ал эми илимпоздор болсо жаратылышты изилдөөгө бүтүндөй күчүн арнап, чоң-чоң ачылыштарды жасамак эмес [2, 23-б.].

Аң-сезимде «маданият» искусствону, динди, илимди жана башканы бириктирип, турган образдардын топтому деп айтууга болот. Маданият таануу болсо маданиятты адам болмушунун маңызын чыгармачылык менен эркиндикти ишке ашыруучу катары ачып берген түшүнүк иретинде колдонулат. Арийне, мында эркиндикти, биринчиден, адамдын ажырагыс рухий дарамети катары, экинчиден, эркиндикти түшүнүү жана түшүнүлгөн социалдык ишке ашыруу катары айырмалай кетүү керек.

Биринчисиз, маданият дегеле пайда боло албайт, ал эми экинчиси анын өнүгүшүнүн салыштырмалуу кийинчерээктеги стадиясында пайда болот. Биз маданият жөнүндө айтканыбызда адамдын кандайдыр бир өзүнчө бөлөк чыгармачылык актысын, айтканыбыз жок, мында биз чыгармачылыкты адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси катары карап жатабыз.

Маданият – бул маани-маңызды болжолдуу түрдө адамдын өзүн өзү чыгармачылык менен салыштырууга мүмкүн болгон адам өмүрүнүн маанисин ачуусу жана аракеттенүүсү.

Маданият адамдын жүзүндө маанилик дүйнө катары турат, ал элди шыктандырат жана аларды кайсы бир топко бекемдейт (улутка, динге же профсоюздук ж.б. топко) ушул жаатта караганда дүйнө муундан муунга өтүп, болмуштун ыкмасын жана элдердин дүйнө таанымын бекемдейт. Ушундай маанилик дүйнөнүн ар биринин негизинде үстөмдүк кылган маани, маданияттын негизги белгисинин бири [3, 6-б.].

Маданияттын маанилик негизги белгиси – бул адамдын дүйнөгө болгон ошол жалпы мамилеси, так ошол башкы маани. Ал калган бардык маанилердин жана мамилелердин мүнөзүн аныктайт. Мында маданият жана анын маанилик негизги белгиси ар башкача ишке ашырылат, бирок мааниси жагынан биримдиктин болушу элдин эмне кылып, эмнеге кыжалат болуп жатканын баарына бүтүндүк берип турат.

Калкты бириктирүү, шыктандыруу менен кошо маданият аларга жалаң эле дүйнө таанытa турган жалпы ыкма эле бербей, ошондой эле өз ара түшүнүшүнө кайгырыша турган ыкманы жана жан дүйнөнү туюндура турган тилди берет. Маданияттын маанилик негизги белгисинин бар экенин маданият таануунун илим катары мүмкүнчүлүгүн жаратат: маданияттын бардык аспекттерине токтолуу кыйын, бирок бөлүп көрсөтсө, түшүнсө, үстөмдүк кылган маанини анализдесе болот. Андан ары ишке ашыра турган ар кандай ыкмаларды окуп түшүнүп, аны так өзүндөй жандыра турган деталдарга жана конкреттүү формаларга кайрылуу керек.

Маданиятка, эгерде аны кеңири планда карасак, адам өзү курган жашоо-тиричиликтин материалдык да, рухий да каражаттары кирет. Адамдын чыгармачылык эмгегинен жаралган материалдык жана рухий реалдуулук артефакттар бар деп мындайча айтканда жасалма түрдө жаратылгандар деп аталат [4, 122-б.]. Ошентип, артефакттар материалдык же рухий баалуулук болуп эсептелгендиктен алар жаратылыштан, табияттан эмес жаратман катары кабыл алынган адам тарабынан ойлонулуп жаратылган.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Арийне, ал баштапкы материал катары табигый объекттерди энергияны же сырьёну пайдаланат жана табият мыйзамдарына ылайык аркет кылат.

Тереңирээк карап көрсөң адамдын өзү да артефакт классына тиешелүү экенин байкоого болот. Бир жагынан карасан ал табигый эволюциянын натыйжасында пайда болгон жаратылыштын бир бөлүгү, материалдык жандуу организм катары жашайт жана аракетте болот, экинчи жагынан карап көргөндө, ал рухий, социалдык жаныбар, жаратман катары жашайт жана аракет кылат, табият "өз колу менен өзү" жарата албаган рухий баалууруктарды алып жүрөт жана колдонот.

Адам өз жаратылышы боюнча рухий-материалдык жаны бар организм болгондуктан ал материалдык жана рухий дагы артефакттарды керектейт. Өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн ал тамак, кийим, үй тиричиликтерди жасайт, техника жана материалдарды жаратат, имараттарды, курулуштарды, жолдорду курушат [5, 205-б.].

Ал эми рухий керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн ал көркөм баалуулуктарды, нравалык жана эстетикалык идеалдарды, саясий идеологиялык жана диний идеалдарды, илим менен искусствону жаратууга жетишет. Ошондуктан адам ишмердиги материалдык жана рухий маданияттын бардык каналдары боюнча жайылат. Мына ошентип, адамдын маданияттын өнүгүшүндөгү баштапкы система түзүүчү фактор катары кароо зарыл.

Адамды курчап турган буюм-тайымдар дүйнөсүн жана идеялар дүйнөсүн жаратат жана пайдаланат; анын ролу – бул жаратуучунун ролу, ал эми анын маданияттагы орду – бул артефакттардын аалам борборундагы, башкача айтканда маданият борборундагы орду. Адам маданиятты жаратат, аны өзүнө өнүктүрө турган каражат катары калыбына келтирет жана пайдаланат.

Адамзаттын жашоо турмушу түгөнбөсө, ал да түгөнбөйт. Адам чыгармачыл, эмгекчил жана активдүү аракет кылган тирүү жандык катары тынбай тиричилик кылып турганда маданият баалуулуктардын жандуу системасы катары, жандуу организми катары жашоосун уланта берет [6, 76-б.].

Адам баалуулуктар агымын маданият каналдары боюнча бир багытка салат, адам аларды алмаштырат жана бөлүштүрөт, ал маданияттын материалдык да, рухий да продукталарын керектейт, продукташтырат жана сактай алат. Ушул жумуштарды ишке ашыруу менен ал өзүн да маданият субъектиси катары, социалдык жандуу организм катары жаратууга жетишет.

Образдуураак кылып айтсак, адам маданий өнүгүштүн башталмасы жана натыйжасы, анын иштешинин максаты жана каражаты, анын идеасы жана ишке ашырылуусу.

Маданияттын генезиси жана өсүп өнүгүшү өткөндүн баалуулуктарын өздөштүргөн жана сактаган, аларды бүгүнкү күндө трансформацияланган жана байыткан, анан аларды келечектеги маданият үчүн баштапкы материал катары бере турган бүтүндөй бир процесс катары жүрөт. Маданияттын бүтүндүгүнүн башкысы табияттын бүтүндүгүнө пайдубал катары таянарын өзгөчө белгилеп кетүү зарыл. Табяттын бүтүндүгүнө адамзаттын жер планетасында өмүр сүрүүсүнүн объективдүү жана табигый шарттарынын системасы катары оболу биосферасынын бүтүндүгү кирет, ал климаттык жана географиялык шарттардын бүтүндүгүнө таянышат, алар болсо геологиялык өбөлгөлөргө негизделишет. Эгерде анализди ушинтип уланта берсек, ал жүрүп отуруп планетардык жана тээ космикалык бүтүндүккө алып келиши мүмкүн [7, 261-б.].

Макаланын жыйынтыгында укуктуу мамлекетте маданияттын бүтүндүгүнүн башкысы, табияттын бүтүндүгүнө пайдубал катары таянарын өзгөчө белгилеп кетүү, адам маданий өнүгүштүн башталмасы жана натыйжасы, анын иштешинин максаты жана каражаты, анын идеасы жана ишке ашырылуусу.

**Адабияттар:**


1. Межуев В.М. Культура и история. - М., 1977. - С. 60.
2. Чавчавадзе Н.З. Внешние и внутренние факторы развития культуры / Культура и общественное развитие. - Тбилиси, 1979. - С. 23.
3. Коган Л.Н. Социология культуры. – Екатеринб., 1992. - С. 6.
4. Проблемы философии культуры. - М., 1974. - С. 122.
5. Маркарян Э.С. Теория культуры и современная наука. - М., 1983. - С. 205.
6. Соколов Э.В. Культура и личность. - М, 1972. С. 76.
7. Библер В.С. От наукоучения - к логике культуры: Два философских введения в XXI век. М., 1991. С. 261.
8. Нуркулова Н.М. Усиление ответственности за преступления, связанные с половой неприкосновенностью и половой свободы личности. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №.10. С. 8-9.
9. Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С. Адам укуктары боюнча эл аралык стандарттар. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 78-79.